КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз VII сессиясы**

**Токтом №01-5/ 44**

Сүлүктү шаары 27.08. 2025-жыл

**Сүлүктү шаарынын жамаатынын жергиликтүү жана мамлекеттик сыйлыктарына сунуштоо боюнча Жобосуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык кеңешинин “Мекендеш” саясий фракциясынын лидери Д.Б. Токтобаевдин Сүлүктү шаарынын жамаатынын жергиликтүү жана мамлекеттик сыйлыктарына сунуштоо боюнча Жобосуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө каты боюнча шаардык кеңештин “Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш” боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын “Ченемдик укуктук актылары” жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кешинин 19.05.2023ж. XXV- сессиясынын №115 токтому менен бекитилген “Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамааттарына жергиликтүү сыйлыктарды ыйгаруу жөнүндө Жобосуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин :

- V. “Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамаатынын Сүлүктү шаарынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу бөлүмүнүн” 4 пунктундагы “үчтөн экисинин” деген сөз “көпчүлүк” деген сөз менен алмаштырылсын
-VII. “Сүлүктү шаарынын жамаатынын жергиликтүү сыйлыктар жөнүндө комиссиясы жана анын иштөө тартиби” бөлүмүнүн 14 пункту жокко чыгарылсын

3. Шаардык кеңештин Регламентин жана “Сүлүктү шаарынын жергиликтүү жамааттарына жергиликтүү сыйлыктарды ыйгаруу жөнүндө Жобосун кабыл алынган өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү жагы шаардык кеңештин аппаратына жүктөлсүн

4. Токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин кеңештин “Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш” боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: Б.А.Абдуназаров